**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТОҢ РАЙОНУ**
**КӨК-МОЙНОК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КОК-МОЙНОКСКОГО**
**АЙЫЛНОГОАЙМАКА**

---

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын**
**VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 16- октябры № 47 Ак-Өлөң айылы.

**Жер аянтын которууга ( трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы № 69 токтому менен бекитилген Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө убактылуу жобосуна ылайык, Балыкчы Токой чарбасынын Тоң РМАсына 2023-жылдын 5-сентябрь айындагы №01-4/98сандуу каты, Балыкчы шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 4-октябрь айындагы №01-17/3291каты, Тон РМА 11.10.2023-жылдагы №01-23-2393 сандуу каты, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматынын Кыргызмамжердолборлоо жерге жайгаштыруу ишканасынын 28.07.2023-жылдагы № 01-9/2039 каты менен таанышып жана талкуулап, Көк- Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Балыкчы шаарынын батыш тарабында жайгашкан Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу токой кызматынын Балыкчы токой чарбасына тиешелүү 29,22га токой фондусунун жерлери категориясындагы анын ичинен №1 участок №53 контур 2,57га токойлуу жерлер, №2 участок №62 контур 2,70га токойлуу жерлер, №63 контур 5,10га токойлуу жерлер, №64 контур 1,10га токойлуу жерлер, №65 контур 0,40га жайыт жерлер, №66 контур 0,50га башка жерлер, №67 контур 0,65га башка жерлер, №68 контур 7,30га жайыт жерлер, №69 контур 1,20га жайыт жерлер, №72 контур 7,70га жайыт жерлери жер тилкесин Этно шаарча долборлоо, тарыхый-маданий обьектилерди куруу үчүн "Токой фондусу жерлери" категориясынын "өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери" категориясына которууга макулдук берилсин.

**2.** Жерди трансформациялоо боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**Төрага** **С. Д. Байбосунов**